Чыгыш
Исходящий № 16-4676
«5» 11 2019 ж.г.

**Кыргыз Республикасында Туруктуу өнүгүүнүн максаттарына жетүү боюнча Улуттук ыктыярдуу серептин долбоорун даярдоо боюнча координациялык комиссиянын жыйынынын**
**ПРОТОКОЛУ**

2019-жылдын 25-октябрындагы № 16-105

| | |
|---|---|
| **Төрагалык кылды:** | Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри, Координациялык комиссиянын жетекчиси Аскаров З.М. |
| **Катышышты :** комиссиянын мүчөлөрү: | Алыбаев А.Ш., СолтонбековаА.К., Сарымсаков М.Б., Чуйков Н.А., Мамыркалиев Э.А., Джусупбекова Н.С., Дамир уулу Максат, Сагымбаев А.А., Ибраев К.Э., Батырканов Т.К., Джуматаева Г.М. |
| **чакырылгандар:** министрликтерден жана ведомстволордон: | Абдыбалы тегин Суеркул, Акматалиев М.А., Алимбеков Д.К., Исаев А.С., Калыков А.М., Омокеев А.Т., Орозалиев А.К., Аманова А.А., Бариева А.Д., Бейшенов М.М., Иманалиева А.К., Кадыроваи Г.Б., Кайбалиев А.Н., Рыскулов Ш.Д. |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынан: | Султанбеков Д.А., Керимкулов К.А., Утурова Д.Д. |

**Кыргыз Республикасында Туруктуу өнүгүүнүн максаттарына жетүү боюнча Улуттук ыктыярдуу серептин долбоорун даярдоонун жүрүшү жөнүндө**

(Утурова, Мамыркалиев, Чуйков, Бариева, Сарымсаков, Солтонбекова, Алыбаев, Аскаров)

Кыргыз Республикасында Туруктуу өнүгүүнүн максаттарына жетүү боюнча Улуттук ыктыярдуу серептин (мындан ары – Улуттук ыктыярдуу сереп) долбоорун даярдоо боюнча жумушчу топтордун жетекчилеринин маалыматын угуп жана талкуулап, төмөнкүдөй чечим кабыл алынды:

1. Улуттук ыктыярдуу серептин долбоорун даярдоо боюнча координациялык комиссиянын (мындан ары – Комиссия) тиркелген жеке курамы бекитилсин.

2. Улуттук ыктыярдуу серептин долбоорун даярдоо боюнча жумушчу топтордун жетекчилеринин маалыматы эске алынсын.

3. Улуттук ыктыярдуу серептин долбоорун даярдоо боюнча жумушчу топтордун жетекчилеринин иштери жетишсиз деп белгиленсин.

4. Тиркелгендер бекитилсин:

- Улуттук ыктыярдуу серептин долбоорун даярдоонун план-графиги (анын ичинде мурда аткарылган жана аткарылуучу уюштуруу жана башка иш-чаралар) (мындан ары План-график);

- Улуттук ыктыярдуу серептин долбоорун даярдоо боюнча медиа/промоплан (мындан ары – Медиа/промоплан).

5. Улуттук ыктыярдуу серептин долбоорун даярдоо боюнча жумушчу топтордун мүчөлөрү жана мамлекеттик органдар:

- бекитилген План-графиктин жана Медиа/промопландын тийиштүү деңгээлде жана белгиленген мөөнөттө аткарылышын камсыздасын;

- жалпыга маалымдоо каражаттарына маалыматтарды жайгаштыруу аркылуу калк арасында түшүндүрүү иштерин үзгүлтүксүз негизде жүргүзсүн.

6. Улуттук ыктыярдуу серептин долбоорун даярдоо боюнча жумушчу топтордун жетекчилерине Улуттук ыктыярдуу серептин долбоорун жогорку деңгээлде өз убагында жана сапаттуу даярдоо, натыйжалуу иштери үчүн жеке жоопкерчилик жөнүндө эскертилсин.

7. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бекитилген План-графикте жана Медиа/промопланда каралган тийиштүү иш-чараларды каржылоо мүмкүндүгүн карасын.

8. Кыргыз Республикасынын министрликтери, мамлекеттик комитеттери жана административдик ведомстволору Кыргыз Республикасында Туруктуу өнүгүүнүн максаттарына жетүүнүн алкагында инвестициялык программаларды/долбоорлорду ишке ашыруу менен байланышкан маалыматтарды жыйноо, жалпылоо жана мамлекеттик бюджеттен тийиштүү чыгымдар боюнча тапшырмалардын сапаттуу аткарылышын камсыздасын (2019-жылдын 29-июлундагы № 16-3235 жана 2019-жылдын 1-августундагы № 16-3295 тапшырмалар).

9. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен биргеликте Кыргыз Республикасында Туруктуу өнүгүүнүн максаттарына жетүүнү ишке ашыруу жана баалоо процессине мониторинг жүргүзүү максатында ушул Протоколдун 8-пункту боюнча мамлекеттик органдар тарабынан берилүүчү маалыматтарга туруктуу негизде дыкат талдоо жүргүзсүн;

- Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен бирдикте:

Кыргыз Республикасын өнүктүрүү кызыкчылыгында берилүүчү тышкы жардам тууралуу маалыматтардын форматын, тийиштүү формаларды толтуруунун методикасын иштеп чыксын жана аларды өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр менен талкууласын.

өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр тарабынан каржылануучу өнүктүрүүгө көмөктөшүү боюнча инвестициялык долбоорлорду/программаларды ишке ашыруунун жүрүшү тууралуу маалыматтарды үзгүлтүксүз жыйноону жана жалпылоону камсыздасын.

жалпыланган маалыматтарды ар жылдык негизде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына берип турсун.

10. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети (макулдашуу боюнча) Кыргыз Республикасында Туруктуу өнүгүүнүн максаттарына жетүүнү баалоо жана мониторинг жүргүзүү бөлүгүндө мамлекеттик органдар менен активдүү өз ара аракеттенүүнү жүргүзсүн.

11. Комиссиянын жана Улуттук ыктыярдуу серептин долбоорун даярдоо боюнча жумушчу топтордун мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары (макулдашуу боюнча) менен бирдикте Кыргыз Республикасында Туруктуу өнүгүүнүн максаттары менен байланышкан чараларды ишке ашыруунун жүрүшү тууралуу калкка маалымдоо менен региондордо Туруктуу өнүгүүнүн максаттарына жетүү боюнча иштерди туруктуу негизде активдештиришсин.

12. Улуттук ыктыярдуу серептин долбоорун даярдоо боюнча жумушчу топтордун жетекчилери жарандык сектор, бизнес коомчулук жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен талкуу жүргүзүү аянтчаларын түзсүн.

13. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын экономика жана инвестициялар бөлүмү Улуттук ыктыярдуу серептин долбоорун даярдоо менен байланышкан эксперттик жана техникалык жардам маселелери боюнча БУУнун Кыргыз Республикасындагы системасы менен консультацияларды улантсын.

14. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги, Комиссиянын жумушчу органы Комиссиянын жыйындарын туруктуу негизде уюштурууну жана тийиштүү материалдарды даярдоону камсыздасын.

15. Ушул чечимдин тапшырмаларынын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын экономика жана инвестициялар бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**вице-премьер-министри,**
**Комиссиянын жетекчиси** **З.М.Аскаров**

КАНЦЕЛЯРИЯСЫ
№3
КАНЦЕЛЯРИЯ